Маалымат

2021-жылдын 07-июль куну Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум откоруу боюнча борбордук комиссиясынан Коомдук фонд “Общее дело” окулу [redacted] аттуу жаран аркылуу маалымат келип тушкон, ага ылайык [redacted] аттуу жаран тарабынан “Фейсбук” социалдык тармагынан “Оштуктар” жана «Улуттук лидер Садыр Жапаров» аттуу группаларына видео ролик жүктөгөн, анда азиат улутундагы келин, Бишкек шаарынын Чыгыш РЭС тарабынан, Бишкек шаарынын, Бакай-Ата ж.к., Кошой кочосуно электр энергиясын беруучу электр мамычалары орнотулду, алырды орнотууга Бишкек шаардык кенешинин депутаты [redacted] салымы чон экенин айтып, ыраазычылык билдирип, алдыда боло турган Бишкек шаардык деаутаттык кенешке “Ишеним” партиясына добушуп берерин билдирген.

07.07.2021-жылы бул факт Бишкек шаарынын Свердлов РИИбнын маалыматтарды каттоо журналына №02-003-2021-013809 саны менен катталып, текшерүү иштери башталган.

Аталган факты боюнча окуянын чоо-жайын аныктоо учун атайын тапшырма берилген.

Иштин жүрүшүндө [redacted] туулган [redacted] айтымында, 2021-жылдын май айында Бишкек шаарынын, Бакай-Ата конушунун жашоочулары Кошой көчөсүнүн электр мамыларын алмаштыруу жана инфраструктурасын жакшыртуу боюнча арыз беришкен, Кошой көчөсү. Бул жамааттык билдирүү Бишкек шаарыдык кенеште катталып, мамыларды орнотуу маселесин карoo үчүн Чыгыш РЭСке тапшырылган. Электр мамыларын орнотуу маселеси жана орнотуунун өзү “Ынтымак” саясий партиясынын үгүт материалы болгон эмес жана ага эч кандай тиешеси жок.

Иштин жүрүшүндө [redacted] туулган (№21 МТУ квартал башчысы), 2021-жылдын май айында Бишкек шаарынын Кошой көчөсүнүн инфраструктурасын жакшыртуу боюнча жамааттык билдирүү даярдалгандыгын, ага ылайык Бакай Ата ж.к. Кошой кочосүно электр мамыларын орнотуу эле. Бул арыз БШКне кароого берилген, өз кезегинде, алардын арызы Чыгыш РЭСке багытталган, эч кандай үгүт иштери болгон эмес, болгону ал жашоочулардын жашоо сапатын жакшыртууга багытталган. Ошол эле учурда, анын “Ынтымак” саясий партиясы менен эч кандай байланышы жок экенинин билдирген.

Текшерүүнүн жыйынтыгы менен аталган окуяда кылмыш, жорук жана бузуулардын курамы жок болгондуктан иш 08.07.2021-жылы номенклатуралык тартипте чыгышталып НД-003-2021-006383 саны ыйгарылган.

**Тергөө кызматы**